**ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынын кезектүү отурумунун**

# №5 ПРОТОКОЛУ

**2025-жылдын 29-декабры**

*Өтүлүүчү жай: Ош ш., ЭАМФ, АГНФ кафедрасы, 108-окутуучулар каанасы*

1. Төрага –Джолдубаев С.Дж.
2. Катчы – Ташимбетова Ү.К.
3. Катышкандар: 20
4. Катышпагандар: 1

## Күн тартибинде:

1. **Кышкы сессияга карата даярдыктар жана сынактык, тесттик суроолорду кароо жана бекитүү жөнүндө (Жооптуу: предмет башчылары);**
2. **Календардык окуу жылы үчүн илимий-изилдөө иштери боюнча жооптуунун эсеп-кысабын тапшыруусу жөнүндө (Жооптуу: А.Т.Аргынбаева);**
3. **Ар бир предмет боюнча студенттин өз алдынча ишин (СӨАИ, ОСӨАИ) аткаруусун байкоо жана анын арасынан мыктысын тандоо жөнүндө (Жооптуу: ПО курамы);**
4. **Ар түрдүү маселелер.**

**1.Угулду. Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев сөзгө чыгып,** ПО курамын күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырып өттү. Андан соң дисциплина башчыларына сынактын тесттик суроолорунун абалы жана кышкы сессияга карата даярдыктары кандай болуп жатат деп сөздү узатты.

**1.1.Угулду. Улук окутуучу М.К.Нуруев сөзгө чыгып,** ал ОХТА предмети боюнча кышкы сессияга карата даярдыктар өз нугунда жүрүп жаткандыгын, суроолор түзүлүп бүтүп, толукталып, текшерилип, бекитүүгө даяр экендигин билдирди.

**1.2.Башка предметтердин (физиология, гистология) башчылары** да сынактардын тесттик суроолору эчак даярдалып бүткөндүгүн жана кышкы сессияга даярдыктар жакшы экенин белгилеп кетишти.

**2.Угулду. Кафедранын илимий-изилдөө иштери боюнча жооптуу, доцент А.Т.Аргынбаева сөзгө чыгып,** 2025-жылда кафедранын ПО курамынын жарык көргөн илимий макалалары, алардын саны, илимий-изилдөө иштеринин абалы, окутуучулардын илимий-практикалык конференцияларга жана семинарларга катышуусу, PhD докторанттар, изденүүчүлөрдүн аткарган иштери жөнүндө эсеп-кысабын берди.

**2.Угулду. С.Дж.Джолдубаев** окутуучуларга илимий макалаларды жазууну жана азыркы тапта алып барып жаткан илимий иштерин талыкпай улантууну сунуштады.

**3.Угулду. Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев** ПО курамга студенттердин өз алдынча иштерин жана алардын окутуучулар менен болгон өз алдынча иштерин аткаруулары боюнча маселени талкууга салды. Талкууда окутуучулар студенттерден СӨАИ жана ОСӨАИни реферат жазуу, плакат жасалгалоо, презентация жасап жана аны коргоо, эссе жазуу, жумушчу дептерлерди иштөө, студенттердин колу менен жасалган макет жана моделдерди кабыл алып жатышаарын белгилешти, ошондой эле алардын арасынан мыктысын дайымкыдай эле музейде, окуу кааналарда сакташарын айтып өтүштү.

**4. Угулду. Ар түрдүү маселелер боюнча кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев сөзүн улантты:** "Факультеттин китепканасында топографиялык анатомия жана нерв

Сканировано с CamScanner

системасы боюнча англис тилинде окуу куралдарынын жетишсиздигине байланыштуу, С.Дж.Джолдубаевдин М.К.Нуруев менен биргеликте иштеп чыккан “Topography of the upper, lower limbs and internal organs in tables and schemes”, “The nervous system" деген 2 окуу куралы 2025-жылдын декабрь айында жарык көрдү. Биз бул окуу куралдарыбызды “ОшМУнун заманбап окуу басылмасы - 2026” аттуу конкурсуна сунуштайлы деп пландап жатабыз”-деп айтты.

**4.1. Угулду. Кафедранын улук окутуучусу М.К.Нуруев сөзгө чыкты**: “Жогоруда аталган окуу куралдары жөнүндө айта кетсем, анда органдардын жана системалардын топографиясы боюнча схемалык таблицалар жана тексттер камтылып, англис тилинде жазылды жана медициналык ЖОЖдордун "Дарылоо иши", "Педиатрия", "Стоматология" адистиктери боюнча студенттердин аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы иштерине, ошондой эле ординаторлорго жана врачтарга арналат. Аталган окуу куралдар биздин студенттерибиздин суроо-талаптарына ылайык түзүлгөн жана аларды толугу менен канааттандырат”,-деп сөзүн жыйынтыктады.

**4.2. Угулду. Кафедранын ОУКнын төрайымы К.Максимова:** “Урматтуу окутуучулар, маалымат катары айта кетсем, жылда биздин кафедрада 1-2-курстун студенттерине жогорку курстардын студенттери кафедрабызда бекитилген графиктин негизинде тютордук иштерин аткарып келишет. Өткөн жумада, тактап айтканда 18-декабрда 5-курстун студент-тютору Mohammad Tauheed 1-курстун студенттери менен «Анатомия экзаменине кантип даярдануу керек?» деген темада жолугушуу өткөрдү. Студенттерге сынакка даярдануунун натыйжалуу ыкмалары жөнүндө, ошондой эле анатомиялык материалдарды иретке келтирүү боюнча практикалык кеңештер менен бөлүшүп, алардын суроолоруна жооп берди”, -деп айтып өттү.

**4.3. Угулду. Кафедранын башчысы С.Дж.Джолдубаев сөз сүйлөдү:** “ОшМУнун ички кадрлар резервине берилген кафедрабызда окуткан предметтер боюнча түзүлгөн 100 суроону камтыган тесттер быйыл да өзгөрүүсүз калуусун сунуштаймын”-деди.

Кафедра башчынын сунушуна жалпы ПО курамы макул болду.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, айтылган сунуштарды эске алуу менен анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасы төмөнкүдөй

## Токтом кылат:

**1. Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаевдин маалыматы эске алынсын.**

**1.1. Кышкы сессияга карата даярдыктар көрүлсүн жана кафедранын предметтери боюнча сынактын тесттик суроолору толукталып, бекитилсин.**

**2. Календардык жыл үчүн илимий-изилдөө иштери боюнча А.Т.Аргынбаеванын берген эсеп-кысабы канааттандырарлык деп табылсын.**

**3. Ар бир предмет боюнча студенттин өз алдынча ишин (СӨАИ, ОСӨАИ) аткаруусун байкоо канааттандырарлык деп эсептелсин.**

**4.1. “Topography of the upper, lower limbs and internal organs in tables and schemes” жана “The nervous system" окуу куралдары “ОшМУнун заманбап окуу басылмасы - 2026” конкурсуна сунушталсын.**

**4.2. Тютор Mohammad Tauheed баяндамасы канааттандырарлык деп эсептелсин.**

**4.3. Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаевдин сунушу эске алынсын жана кадрлар резервине берилген тесттик суроолор быйыл да өзгөрүүсүз калтырылсын.**

**Төрага:** **С.Дж.Джолдубаев**

**Катчы:** **Ү.К.Ташимбетова**

Сканировано с CamScanner

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Эл аралык медицина факультети**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология**
**кафедрасынын кезектүү отуруму**

**2025.29.12.**

**КАТЫШУУ БАРАКЧАСЫ**

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Джолдубаев Сагынбек Джаркынбаевич | Кафедра башчысы, м.и.к., доцент | | |
| 2 | Аргынбаева Акмарал Турдалыевна | Б.и.к., доцент | | |
| 3 | Тороев Дурусбек Исанович | Улук окутуучу | | |
| 4 | Нуруев Мирлан Камалович | Улук окутуучу | | |
| 5 | Асанбек кызы Канымгул | Улук окутуучу | | |
| 6 | Пайзилдаев Тимур Рашидинович | Улук окутуучу | | |
| 7 | Алимбекова Айпери Алимбековна | Окутуучу | | |
| 8 | Арапов Алимбек Замирович | Ассистент-стажер | | |
| 9 | Ашимов Урмат Арстанбекович | Окутуучу | | |
| 10 | Байгашкаев Эртегин Сапарбекович | Окутуучу | | |
| 11 | Бакиров Санжар Бакирович | Окутуучу | | |
| 12 | Киргизбаева Умида | Окутуучу | | |
| 13 | Максимова Канышай Зариповна | Окутуучу | | |
| 14 | Манас кызы Уулкан | Окутуучу | | |
| 15 | Орозбек уулу Турсунбек | Окутуучу | | |
| 16 | Ташимбетова Умут Капаровна | Окутуучу | | |
| 17 | Тойчиева Зарина Жамалдиновна | Окутуучу | | |
| 18 | Эргешова Аида Масалбековна | Окутуучу | | |
| 19 | Шералиева Самара Ибраимовна | Методист | | |
| 20 | Кубанычбек кызы Асел | Лаборант | | |
| 21 | Сонунбек кызы Бубусара | Улук лаборант | | |

Сканировано с CamScanner